**Шарыпбек Абдылдаев атындагы орто мектебинин 5-, 8-, 10-класстардын ата-энелеринин чогулушунун**

**ПРОТОКОЛУ**

**Кара-Тоо айылы. Мектеп көчөсү** **29-август 2022-жыл**

**Чогулуштун төрагасы: Т. У. Исаев**

**Катчы: Качкынбекова Ж.**

**Катышкандар: Мектеп администрациясы, 5-, 8-, 10-класстардын класс жетекчилери жана ата-энелери**

**Күн тартиби: Мектеп компоненти жөнүндө**

**Угулду: мектеп директору Т.Исаев:** Урматтуу ата-энелер жана кесиптештер Сидерди жаңы окуу жылынын башталышы менен куттуктайм жана ишибизге чыгармачылык ийгиликтерди каалайм! Бүгүнкү чогулуштун максаты Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 5-августундагы №1529/1 буйругу менен бекитилген Базистик окуу планы менен 5-, 8- 10-класстарга берилген мектеп компонентин кайсыл предметтерге берсек?

**Сүйлөдү 5-кластын окуучусунун ата-энеси Акматалиева Мээрим:** 5-класстарга берилген мектеп компонентин математикага берсек жакшы болотко. Себеби: маалыматтык технологиялар заманында математика билимдүү болусуна база болотко дейм.

**Сүйлөдү 8-кластын окуучусунун ата-энеси Нурмамбетова Махабат:** 8-класстын мектеп компонентин химия сабагына берсек, себеп дегенде 8-класста отличниктер бар. Алар 11-класста кызыл аттестатка тапшырганда химиядан саттары аз болгондуктан кыйналып калышы мүмкүн.

**Сүйлөдү 10-кластын окуучусунун ата-энеси Мамытбеков Мирлан:** Мектеп компонентин алгебра предметине берсеңиздер, анткени эмки жылы биздин балдар ЖРТ тапшырганда алгебрадан ийгиликтүү тапшырууларына өбөлгө болот деп ойлойм.

Күн тартибиндеги маселени талкуулап 5-,8-,10-класстардын ата-энелеринин чогулушу

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

2022-2023-окуу жылында мектеп компоненти 5-класстыкы математикага, 8-класстыкы химияга, 10-класстыкы алгебра предметтерине берилсин.

Чогулуштун төрагасы: Т. У. Исаев

Катчы: Качкынбекова Ж. Т.